# Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2018-окуу жылындагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын айлык планы

2017-2018-окуу жылы.

Бекитемин

Директор ________ Б. М. Бекназарова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2018-окуу жылындагы сентябрь айына карата иш планы.**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Сентябрь айына карата иш планын түзүү жана бекиттирүү.<br>Билим күнүн уюштуруу жана өткөрүү.<br>Жолдо жүрүү эрежелеринин планын түзүү жана бекиттирүү.<br>Окуучулардын тизмесин аныктоо (тоголок жетим, жарым жетим ж.б.). | 1.09-8.09 | Уюштуруучу. |
| 2-апта | Мектепте окуучуларга ооруулардын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана жат жазуу иштерин алып баруу.<br>Жолдо жүрүү эрежелери боюнча тарбиялык сааттарды өткөрүү. | 11.09-15.09 | Уюштуруучу.<br>Класс жетекчилер. |
| 3-апта | Мектепте парламент мүчөлөрүн тандоо.Мектеп парламентин түзүү жана чогулуш өткөрүү. | 18.09-22.09 | Уюштуруучу. |
| 4-апта | 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>Кыргыз тили мугалимдери тарбиялык ачык сааттарды өткөрүү. | 25.09-29.09 | Уюштуруучу.<br>Класс жетекчилер<br>Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери. |

Уюштуруучу: ________ М.А.Кулмашова

Бекитемин
Директору__________Б.М.Бекназарова

Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин
2017-2918-окуу жылдын октябрь айыны карата түзүлгөн иш планы.

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтүү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Октябрь айына карата иш планын түзүү жана бекиттирүү.<br>Окуучулардын сабакка катышуусун текшерүү.<br>1-октябрь “Карысы бардын ырысы бар” деген темада тарбиялык сабактарды өткөрүү.<br>Карыялар күнүнө карата кайрымдуулук акциясын уюштуруу. | 2.10-6.10. | Уюштуруучу.<br>Класс жетекчилер. |
| 2-апта | “Мугалим алтын чынарым” деген темада тарбиялык сааттарды өткөрүү жана концерттик программа уюштуруу.<br>Мектепте класстардын өзүн-өзүн башкаруу боюнча тизмелерин алуу. | 9.10-13.10. | Уюштуруучу.<br>Класс жетекчилер. |
| 3-апта | Ич келте ооруусунун алдын алуу боюнча тарбиялык сабактарды өткөрүү жана жат жазууларды жаздыруу.<br>Ден соолук, тазалык боюнча тарбиялык сабактарды өткөрүү. | 16.10-20.10. | Уюштуруучу.<br>Класс жетечилер. |
| 4-апта | Мектептеги окуучулардын тазалыгына, формасына, катышуусуна парламент мүчөлөрүү менен биргеликте текшерип чыгуу. | 23.10-27.10. | Уюштуруучу.<br>Парламент мүчөлөрү. |

Уюштуруучу__________М.А.Кулмашова

**Бекитемин**
**Директору_____ Б.М.Бекназарова**

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2018-окуу жылдын ноябрь айына карата түзүлгөн иш планы.**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Ноябрь айына карата иш планын түзүү жана бекиттирүү. Окуучулардын сабакка катышуусун текшерүү. Мүмкүнчүлүгү чектелген инсандардын күнүнө карата “Кайрымдуулук парз жана милдет” деген акциясын өткөрүү. | 6.11-11.11. | Уюштуруучу. Парламент мүчөлөрүү. |
| 2-апта | Баткен окуясында курман болгондорду эскерүүи кечесин уюштуруу. Баткен окуясында курман болгондорго карата “Баткен согушунда курман болгондор эч качан унутулбайт” аттуу жолугушуу уюштуруу жана класстык сааттарды өткөрүү. | 13.11-17.11. | Уюштуруучу. Тарых мугалимдери. |
| 3-апта | Мектептин ички тазалыгын көзөмөлдөө, окуучулардын формасын, тазалыгын текшерүү. Мугалимдердин класстык сааттарына көзөмөл жүргүзүү, анализ берүү. | 20.11-24.11. | Уюштуруучу. |
| 4-апта | Мектепте күз майрамына карата “Береклүү алтын күз” майрамын өткөрүү. | 27.11-30.11. | Уюштуруучу. |

Уюштуруучу:_________М.А.Кулмашова

Бекитемин

Директору Б.М.Бекназарова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2018- окуу жылдын декабрь айына карата түзүлгөн иш план**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Декабрь айына план түзүү жана иш алып баруу.<br>1-декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИД күнүнө карата класстык сааттарды өткөрүү.<br>СПИД жөнүндө мен эмнени билем жана аны менен кандай күрөшүү керек?деген темада дил баян сынагын уюштуруу. | Декабрь | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 2-апта | Бүткүл дүйнөгө белгилүү Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чараларды өткөрүү.<br>Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан сахналык көрүнүш сынагын уюштуруу.<br>1-11-класстар арасында Ч.Айтматов өмүр жолу жана чыгармалары боюнча класстык сааттарды өткөрүү. | Декабрь | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер<br>Кыргыз тили мугалимдери |
| 3-апта | Жолдо жүрүү эрежелери боюнча "Жолдо жүрсөң абайла "деген темада класстык сааттарды өткөрүү. | Декабрь | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 4-апта | Мектепте балаты майрамын уюштуруу жана өткөрүү. | Декабрь | Уюштуруучу<br>Парламент мүчөлөрү |

Уюштуруучу: ________ М.А.Кулмашова .

Бекитемин

Директору _______ Б.М.Бекназарова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2018- окуу жылдын январь айына карата түзүлгөн иш план**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Январь айына план түзүү жана иш алып баруу. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жыл "Региондорду өнүктүрүү жылы"№1 жарлыгы боюнча мугалимдерди тааныштыруу. | Январь | Уюштуруучу |
| 2-апта | Окуучулардын сабакка катышуусун текшерүү. 5-9-класстар арасында "Атам ,апам мен ден –соолугу сак үй-бүлө"деген темада сүрөт конкурсу өткөрүлдү. | Январь | Уюштуруучу<br>Сүрөт мугалими |
| 3-апта | "Ата-Журтум –алтын бешигим" деген темада 8-9-10-11-класстар арасында дил баян сынагын уюштуруу. Кыргыз тили мугалимдери "Ата-Журтум алтын бешигим"деген темада класстык сааттарды өткөрүү. | Январь | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 4-апта | Окуучулардын сабакка катышуусун текшерүү.Мугалимдердин тарбиялык журналдарын көзөмөлдөө.Класстык сааттарга катышуу. | Январь | Уюштуруучу |

Уюштуруучу:_________ М.А.Кулмашова .

Бекитемин

Директору ________ Б.М.Бекназарова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2018- окуу жылдын март айына карата түзүлгөн иш план**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Март айына план түзүү жана иш алып баруу.<br>Окуучуларды сабакка катышуусун көзөмөлдөө.<br>Мамлекеттик Туунун 26 жылдыгына жана "Ак калпак" күнүнө карата иш пландарды түзүү жана класстык сааттарды өткөрүү. | Март | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 2-апта | 8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата иш план түзүү жана иш алып баруу.<br>8-9-10-11-класстардын арасында "Кана эмесе кыздар ай"деген темада класстар аралык конкурс өткөрүү. | Март | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 3-апта | Аксы окуясынын 15 жылдыгына жана 24-март "Элдик революсынын"11 жылына карата класстык сааттарды өткөрүү.<br>Орус тили жумалыгын өткөрүүнү уюштуруу<br>Сүрөт конкурсун уюштуруу. | Март | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер<br>Ору тили жана адабияты мугалимдери |
| 4-апта | Нооруз майрамын уюштуруу.<br>"Менин шаарым,сенин шаарың,менин мектебим,сенин мектебиң"деген ураан астында ишембилик уюштуруу жана өткөрүү . | Март | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |

Уюштуруучу:________ М.А.Кулмашова .

Бекитемин

Директору ________ Б.М.Бекназарова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2018-окуу жылындагы май айына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Май айына карата иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>“Мен кыргыздыгн атуулумун”деген темада дебат сабактарды уюштуруу.<br>10-11-класстар арасында “Мен Мекенимдин коргоочумун”деген темада Улуу –Жеңиш майрамына карата сынак уюштуруу.<br>“Согуш ардагерлерине таазим”деген темада мектепке жыйын өткөрүү. | 7.05-11.05. | Уюштуруучулар<br>Класс жетекчилер |
| 2-апта | Мектептин ичин жашылдандыруу “Мектеп жашыл бакчам”акциясын уюштуруу.<br>Энелер күнүнө карата башталгыч класстарда концерттик программа уюштуруу. | 14.05-19.05. | Уюштуруучу<br>Башталгыч класстын мугалимдери. |
| 3-апта | Энелер күнүнө арналган класстык сааттарды өткөрүү.5-класстар арасында “Эң мыкты куттуктоо баракча”конкурсуң уюштуруу жана өткөрүү. | 21.05.-25.05. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 4-апта | 25-май “Акыркы коңгуроо” аземин уюштуруу жана өткөрүү. | 24.05-25.05. | Уюштуруучу |

Уюштуруучу:________ М.А.Кулмашова .

Бекитемин

Директор ________ Б.М.Бекназарова

Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин
2017-2018-окуу жылындагы июнь айына карата түзүлгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Июнь айына карата иш планын түзүү жана иш алып баруу.Балдарды коргоо күнүнө шаардык уюштурулган майрамга башталгыч класстын окуучуларын катыштыруу. | 1.06-8.06. | Уюштуруучу |
| 2-апта | Бүтүрүүчү окуучулардын коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча тегерек стол уюштуруу жана өткөрүү. | 11.06-15.06. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |
| 3-апта | Бүтүрүүчү окуучулардын аттестат тапшыруу аземин өткөрүү. | 18.06.-22.06. | Уюштуруучу |
| 4-апта | Жыл жыйынтыгын чыгаруу. | 25.06-29.06. | Уюштуруучу |

Уюштуруучу: ________ М.А.Кулмашова.

Бекитемин
Директору ________ Б.М.Бекназарова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин**
**2017-2018-окуу жылындагы апрель айына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Апрель айынын иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>Окуучулардын сабакка катышуусун көзөмөлдөө.<br>“Биз жашаган планета”, “Планетанын жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсү” ,”Жер –Эне баарыбыз үчүн планета жардам күтөт”деген темада сүрөт конкурсун уюштуруу. | 2.04-6.04.. | Уюштуруучулар<br>Класс жетекчилер<br>Сүрөт мугалими |
| 2-апта | 10-11-класстар арасында “Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы2018”тегерек стол өткөрүү.<br>12-апрель Ю.А,Гагариндин туулган күнүнө карата 9-класстар арасында конкурсун уюштуруу. | 9.04-13.04. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер<br>Физика мугалими |
| 3-апта | 23-апрель “Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүн”белгилөө жана өткөрүү.<br>Башталгыч класстар арасында “Жомокторго саякат” сүрөт сынагын уюштуруу. | 16.04-20.04.. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер<br>Китепканачы |
| 4-апта | Жашоо тиричилиги ,коопсуздугунун негизинде “Жаратылыш кырсыктарынан сактануу”, “Алгачкы жардам”деген темаларда ачык сааттарды өткөрүү. | 223.04.-30.04. | Уюштуруучу<br>Класс жетекчилер |

Уюштуруучу: ________ М.А.Кулмашова .

**Бекитемин**
**Директору ________ Б.М.Бекназаров**

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин**
**2017-2018-окуу жылдын февраль айына карата түзүлгөн иш планы.**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтүү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1-апта | Февраль айынын иш планын түзүү жана иш алып баруу.<br>Окуучулардын сабакка катышуусун көзөмөлдөө.<br>Мектепте "Ботулизм", вирустуу "Гепатит", "Педикулез" боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана жат жазууларды жаздыруу. | 1.02-7.02. | Уюштуруучу.<br>Класс жетекчилер. |
| 2-апта | Окуучулардын сабакка катышуусун текшерүү.<br>"Англис тили – эл аралык баарлашуу тили" жумалыгын өткөрүү.<br>Советтик аскерлердин ооган жергесинен чыгарылган күнүн белгилөө жана ардагерлер менен жолугушууларды уюштуруу. | 8.02-14.02. | Уюштуруучу.<br>Англис тили мугалимдери.<br>Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери. |
| 3-апта | 23-февраль "Ата- Мекенди коргоочулар" күнүнө карата иш чараларды уюштуруу.<br>8-9-класстар арасында "Мен Ата-Мекендин коргоочусумун" деген темада конкурсун уюштуруу.<br>"Мектеп мырзасы" аттуу 10-11-класстар арасында конкурсун уюштуруу. | 15.02-21.02. | Уюштуруучу.<br>Класс жетекчилер.<br>Дене тарбия мугалими. |
| 4-апта | "Аллоо!Биз таланттууларды издейбиз!" деген темада окуучулар арасында акын-жазуучулар, манас-дастанчылар конкурсун өткөрүү. | 22.02-28.02. | Уюштуруучу.<br>Кыргыз тили жана адабияты мугалими. |

Уюштуруучу: ________ М.А.Кулмашова

Майлуу-Суу шаарынын

№5 жалпы билим берүү орто мектебинин

2017-2018-окуу жылындагы окуу тарбия

боюнча директордун орун басарынын

жылдык планы

2017-2018-окуу жылы

Бекитемин

Директор: Бекназарова Б.М.

**Майлуу-суу шаарындагы №5 жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2017-2018-окуу жылына карата түзүлгөн тарбиялык иштердин жылдык планы.**

Тарбия берүү: “Окуучуларды нравалык маданиятка, патриоттуулукка, кыргыз элинин каада-салттарын пайдаланып тарбия берүүгө жетишүү”

Тарбия иштеринин негизги багыттары: 1. Адеп-ахлактык тарбия. 2. Жарандык тарбия. 3. Мекенчилдикке тарбиялоо. 4. Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо. 5. Көп маданияттуулукка тарбиялоо. 6. Эстетикалык тарбиялоо. 7. Эмгекке тарбиялоо. 8. Тарбиялоо процессинде педагогдун ролу. 9. Баланы, өспүрүмдү, кыз баланы, жаш адамды, жаштарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу.

**1.Адеп-ахлактык тарбиялоо**

| № | Аткарылуучу иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Өткөн окуу жылына анализ.<br>Жаңы окуу жылына план түзүү. | сентябрь | Тарбия завучу | педсоветте | план | Жаңы окуу жылына план түзүлөт |
| 2 | Мектепте “Билим күнүн” өткөрүү. | 1-сентябрь | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Салтанаттуу линейка | Сабактар башталат |
| 3 | Парламент мүчөлөрү менен иш жүргүзүү.<br>План түзүү. | сентябрь | Тарбия завуч | Директор алдындагы кеңешмеде | Парламенттин чогулушу | План түзүлөт |
| 4 | “РИСК” группасындагы окуучуларды, томолой, соцжетимдердин тизмесин тактоо. | сентябрь | Тарбия завучу<br>соцпедагог | Директор алдындагы кеңешмеде | Окуучулардын тизмеси | Тизмеси такталат<br>Мектептин соц.паспорту түзүлөт. |
| 5 | “Карылар күнү” акциясын өткөрүү. Карыларга гүлдесте. | октябрь | Тарбия завуч | Директор алдындагы | Концерттик программа | Карыны сыйлоого тарбияланышат. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Концерттик майрам. | | Класс жетекчилер | кенешмеде | | |
| 6 | “Кыз адеби кымбат” | ноябрь | Кыздар кенешинин төрайымы | Кыздар кенешинде | Доклад, токтом | Кыздардын өзүн алып жүрүүсү, тартиби жакшырат. |

**2. Жарандык тарбиялоо**

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Мен кыргыз атуулумун” “Кыргыз Республикасынын Конституциясы-негизги мыйзам” дебат сабактары. | май | Класс жетекчилер<br>Тарбия завуч | Директор алдындагы кеңешмеде | План | Конституция жөнүндө маалымат алышат |
| 2 | 9-Май жениш майрамы<br>Концерттик программа | май | Класс жетекчилер<br>Тарбия завуч | Директор алдындагы кенешмеде | План, программа | Жеңиш күнү эскерилет |

**3. Мекенчилдикке тарбиялоо**

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Тилим менин жан дүйнөм” | Сентябрь, ноябрь | Тарбия завуч<br>Кыргыз тили мугалимдери | Өндүрүштүк кеңешмеде | Жумалыктын программасы, планы | Жаңы окуу жылына план түзүлөт |
| 2 | “Менин айылым” акциясы Айылдын тарыхы, көрүнүктүү адамдары, Ветерандарды изилдөө | декабрь | Тарбия завучу<br>Тарых мугалими | Өндүрүштүк кеңешмеде | Сүрөттөр, дил баяндар<br>Тарыхый фактылар | Айыл жөнүндө түшүнүк алышат |
| 3 | “Ата журтум-алтын бешигим” дил баяндар конкурсу | январь | Кыргыз тили мугалимдери<br>Тарбия завучу | Өндүрүштүк кенешмеде | Дил баяндар | Окуучулардын ой жүгүртүүсү, сүйлөө речи өнүгөт, Ата Мекенин сүйүүгө тарбияланат |
| 4 | Ата Мекенди коргоо күнүнө карата Авган, Баткен согушунун | февраль | Тарбия завучу | Директордун алдындагы | Программа, дубал газеталар | Мекенин сүйүүгө, коргоого |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ветерандары менен жолугушуу өткөрүү | | | кенешмеде | | тарбияланышат. |
| 5 | “Ата Мекенимди сүйөм” сүрөттөр конкурсу. | февраль | Тарбия завучу<br>Сүрөт мугалими<br>Класс жетекчилер | Директордун алдындагы кеңешмеде | Сүрөттөр, дубал газеталар | Мекенин сүйүүгө, коргоого тарбияланышат.<br>Сурөт тартуу таланты өсөт. |
| 6 | Ата-Мекенди коргоо күнүн өткөрүү. | февраль | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Директордун алдындагы кеңешмеде | Концерттик программа<br>Дубал газеталар | Мекенин сүйүүгө, коргоого тарбияланышат. |
| 7 | Кыргыз мамлекетинин атрибуттары (герб, гимн, кыргыз туусу) күнүн белгилөө | Жыл ичинде | Тарбия завучу | Директор алдындагы кеңешмеде | Атрибуттар<br>Класстык сааттардын пландары | Атрибуттар жөнүндө кеңири түшүнүк алышат |
| 8 | 5-март “Ак калпак” күнү | Март | Тарбия завучу | | план | Баш кийимди, калпакты сыйлоону үйрөнүшөт. |

**4. Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо**

| № | Аткарылган иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Айлана-чөйрөнү тазалайбыз” тазалык акциясы | Жыл ичинде | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Өндүрүштүк бирикмеде | | Балдар эмгекке, жаратылышты сүйүүгө тарбияланышат |
| 2 | “Эколог” жаратылышты коргоо кружогун уюштуруу | сентябрь | Биолог мугалими | Өндүрүштүк бирикмеде | Кружоктун планы | Окуучулар жаратылышты коргоого, сүйүүгө тарбияланышат |
| 3 | “Күз майрамы”өткөрүү. | октябрь | Класс жетекчилер | Өндүруштүк кенешмеде | Программа<br>Дубал газеталар | Жаратылышты сүйууго тарбияланышат |
| 4 | Мектептин айланасын | Март | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк | Жашылдандыруу үчүн | Жаратылышты |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жашылдандыруу “Мектеп жашыл бакча” акциясы | апрель | | кеңешме | кочөттөр | сүйүүгө тарбияланышат |

## 5. Көп маданияттуулукка тарбиялоо

| № | Аткарылган иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Спорттук мелдештерди өткөрүү | Жыл ичинде | Тарбия завучу<br>Дене тарбия мугалимдери | Өндүрүштүк кеңешмеде | программасы | Жаңы пландарды түзүү |
| 2 | Орус тили, чет тили сабактары боюнча декадаларга катышуу. | Жыл ичинде | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | программасы | Балдардын билимин өркүндөтүү |
| 3 | Жаңы жылдык “Балаты” майрамын уюштуруу жана өткөрүү. | декабрь | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | “Балаты” майрамынын программасы<br>Дубал газеталар, балатыны кооздоо | |
| 4 | “Алоо! Биз таланттууларды издейбиз!” окуучулар арасында акын жазуучулар, манас-дастанчылар конкурсун өткөрүү. | февраль | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | программасы | Таланттуу балдардын өнөрлөрүн өркүндөтүү |
| 5 | “Мектеп мырзасы”, “Күчтүүлөр”, “Кайраттуулар”, “Шамдагайлар” спорттук мелдеш оюндарын өткөрүү. | февраль | Дене тарбия мугалимдери<br>Класс жетекчилер | Директор алдындагы кенешмеде | программасы | Спортко кызыктыруу |
| 6 | Нооруз майрамы | март | Тарбия завучу<br>Класс жетекчилер | | программа | |

## 6. Эстетикалык тарбиялоо

| № | Аткарылган иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Мектеп формасы” “Кечиккендер” рейддери | Ар дайым | Тарбия завуч Парламент мүчөлөрү | Өндүрүштүк кеңешмеде | Дубал газеталар | Жаңы окуу жылына палн түзүү |
| 2 | “Акыл ордо” интеллектуалдык конкурсун өткөрүү | Жыл ичинде | Предметтик мугалимдер Класс жетекчилер | Директор алдындагы кенешмеде | Конкурстун программасы, тапшырмалар | Окуучулардын билими текшерилет |
| 3 | “Тилим менин жан дүйнөм” тил майрамына арналган 3 айлык иш чара | Сентябрь-ноябрь | Кыргыз тили мугалимдери Тарбия завучу | Директор алдындагы кенешмеде | Жумалыктын программасы Дубал газеталар | Кыргыз тилин барктӑй билүүнү. Тил элдин негизги атрибуту экендигин тушунүшот |
| 4 | “Гүл майрамы” класс-кабинеттерди жашылдандыруу Кабинеттердеги гүлдөр боюнча конкурс | Жыл ичинде | Класс жетекчилер | Директор алдындагы кеңешмеде | Конкурстун программасы, тапшырмалар | Класс жашылдандырылат |
| 5 | Күндөлүктөр, окуу куралдар акциясы | октябрь | Тарбия завучу | Директор алдындагы кенешмеде | күндөлүктөр | Күндөлүктөрдүн, окуу куралдарынын абалы жакшырат |
| 6 | 8-март Аялдардын Эл аралык күнүнө арналган концерттик программа | март | Тарбия завучу | Өндүрүштүк кеңешмеде | программа | Аялдарды сыйлоого үйрөнүшөт. |
| 7 | “Жакшы кыз-жакадагы кундуз” сулуулар конкурсу | март | Тарбия завучу | Өндүрүштүк кеңешмеде | программа | Окуучулар эстетикалык тарбия алышат |

### 7. Эмгекке тарбиялоо

| № | Аткарылган иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Айлана чөйрөнү тазалайбыз” тазалык акциясын өткөрүү. | Жыл ичинде | Тарбия завучу Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | | Балдар тазалыкка, эмгекке тарбияланышат |
| 2 | “Карылар күнүнө” карата окуучулардан жардам (Рейддери) | октябрь | Тарбия завучу Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | Рейд баракчалары | Карыны сыйлоого тарбияланышат |
| 3 | “Эмгек десанты” чөйрөнү тазалоо | Февраль, март | Тарбия завучу, Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | | Айлана чөйрө тазаланат |
| 4 | Парламент мүчөлөрүнүн иштери | Жыл ичинде | Тарбия завучу | | протоколдор | Жаңы окуу жылына план түзүү |

### 8. Тарбиялоо процессинде педагогдун ролу

| № | Аткарылган иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Мугалим мөмөлүү дарак” мугалимдер күнүнө арналган концерттик программа | октябрь | Тарбия завуч | Өндүрүштүк кеңешмеде | Программа, дубал газеталар | Мугалимдик кесипти урматтоого үйрөнүшөт |
| 2 | Жолдо жүрүү эрежелери боюнча түшүнүк берүү, класстык сааттар өткөрүү. | ноябрь | Тарбия завуч Соц педагогдор класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | План, программа | Жолдо жүрүүнүн эрежелерин үйрөнүшөт |
| 3 | Тематикалык тарбиялык сааттар | Жыл ичинде | Класс жетекчилер | Директор алдындагы кенешмеде | план | Окуучулар ар тараптуу тарбия алышат |
| 4 | Өрт коопсуздугун алдын алуу класстык сааттарды өткөрүү. | Жыл ичинде | Класс жетекчилер | Өндүрүштүк кеңешмеде | план | Окуучулар өрт коопсуздугу боюнча үйрөнүшөт. |

**9. Баланы, өспүрүмдү, кыз баланы, жаш адамды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу**

| № | Аткарылган иштер | мөөнөтү | Ким жооптуу | Кайда каралат | ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер менен үч тараптуу келишимдерди түзүү | Сентябрь | Тарбия завучу, класс жетекчилер | Ата-энелер жыйналышында | келишим | Ата-энелер менен келишим түзүлөт |
| 2 | “Мен келечекте энемин” кыздар кеңеши | январь | Тарбия завучу Кыздар советинин төрайымы кыздар совети | жыйналыш | Программа токтом | Кыздарга тарбиялык кенеш берилет |
| 3 | “Кызгалдак” кыздар уюмун уюштуруу жана иш алып баруу | сентябрь | Тарбия завучу класс жетекчилер кыздар кенешинин төрайымы | Өзүн-өзу башкаруу уюмунун кеңешинде каралат | план | |
| 4 | Кыздар арасында “Кыз адеби кымбат” тегерек столдорду уюштуруу жана өткөрүү. | Жыл ичинде | Тарбия завучу кыздар советинин төрайымы | Кыздар кенешинде каралат | Кыздар менен тарбия иштери өткөрүлөт | Кыздардын тартиби оңолот. |

**Уюштуруучу:**______________**Кулмашова М.А.**

# Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-2018-окуу жылындагы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык отчету

2017-2018-окуу жылы.

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык отчету.**

**Сентябрь.**

**1.09.2017-ж.** “1-сентябрь –Билим күнү” деген салтанаттуу жыйын өттү.Салтанаттуу кечеден кийин 1-сабак 1-4-класстар “Мен Кыргызстанда жашайм”5-7-класстар “Мен үчүн билимдүү,адептүү жана маданияттуу болуу деген эмне? , 8-11-класстар “Өлкөбүздүн жаңы багытта өнүгүүсүнө өз салымымды кошкум келет”-деген темада класстык сааттар өтүлдү.

**5.09.2017-ж.** Класс жетекчилер үчүн журналдар текшерилип,бекитилди.Жолдо жүрүүнүн эрежелери үчүн планы түзүлүп,ар бир класс жетекчи менен бирге окуучуларга сабактар өтүлдү,жол эрежлерин сактоо коопсуздугун сактоо боюнча ар бир окуучунун колу койдурулду.

**6.09.2017-ж.** Мектепте “Ич келте”, “Ботулизм”, “Педукулез”, “Вирусный гепатит” оорулары боюнча класстарда түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана жат жазуулар жазылып алынды.

**13.09.2017-ж.** Окуучулардын тартиби ,мектеп формасы ,тазалыгы парламент мүчөлөрү менен текшерилди.

**18.09.2017-ж**. Окуучулардын тизмеси такталды(жарым жетим ,томолой жетим майып ж.б)

**19.09.2017-ж.** “23-сентябрь –Кыргыз тилинин мамлекеттүүлүгүнүн 28-жылдыгына”карата Абдыраманова А.А, Абдурасулова З.А ачык сабактарды өтүштү.Сабакта Ч.Айтматовдун чыгармаларынан “Бугу Эне”, “Манас”эпосу камтылды.Бул тарбиялык сабак окуучулардын патриоттук сезимдерине дем кошту деген сунуштар айтылды. Мектеп окуучулары тарабынан даярдалган концерттик программа болду,кыргыздын улуттук оюндары ,каада салттары көрсөтүлдү.

**22.09.2017-ж.** Шаардык маданият үйүндө болуп өткөн кыргыз тилинин 28 жылдык салтанаттуу кечеге кыргыз элинин каада-салттарынан “Баланы бешикке салуу” деген темада сахналык көрүнүш көрсөтүлдү.Сахналык көрүнүштү кыргыз тили жана адабияты мугалими Абдыраманова А.А 10-11-класстын окуучулары менен даярдап чыгышты.

**5.10.2017-ж.** Мугалимдер күнүнө карата "Мугалим алтын чынарым" деген темада концерттик программа уюштурулуп,мугалимдер бири-бирин куттукташып,окуучулар ыр-бийлерин тартуулашты.

**6.10.2017-ж.** Мектептеги окуучулардын өзүн өзү башкаруусунун түзүмү менен кайра шайлоо өткөрүлдүОкуучулар бир добуштан мектеп президентин шайлап алышты.Мектеп презитденти 11-класстын окуучусу Асанов Арген .

**17.10.2017-ж**. "Ич келте"оорусу боюнча жат жазуу жаздырылып,ар бир класстын окуучулары менен аңгемелешүүлөр жүргүрзүлдү.

**19.10.2017-ж**. Мектеп окуучуларынын тазалыгы,тартиби,мектеп формасы,күндөлүктөрү текшерилди.

## Ноябрь

**3.11.2017-ж.**Мүмкүнчүлүгү чектелген инсандардын күнүнө карата "Кайрымдуулук парз жана милдет" деген акциясы

... жардамдар көрсөтүлдү

## Октябрь

**2.10.2017-ж.** “Карысы бардын ырысы бар” деген ураан менен “Карылар күнү” карата мектеп окуучулары тарабынан төмөндөгү карыяларга жардам көрсөтүлдү.

Графова А.Ф.-200(эки жүз)

Базарбаев С.-500(азык-түлүк)

**5.10.2017-ж.** Мугалимдер күнүнө карата “Мугалим алтын чынарым” деген темада концерттик программа уюштурулуп,мугалимдер бири-бирин куттукташып,окуучулар ыр-бийлерин тартуулашты.

**6.10.2017-ж.** Мектептеги окуучулардын өзүн өзү башкаруусунун түзүмү менен кайра шайлоо өткөрүлдүОкуучулар бир добуштан мектеп президентин шайлап алышты.Мектеп презитденти 11-класстын окуучусу Асанов Арген .

**17.10.2017-ж**. “Ич келте”оорусу боюнча жат жазуу жаздырылып,ар бир класстын окуучулары менен аңгемелешүүлөр жүргүрзүлдү.

**19.10.2017-ж**. Мектеп окуучуларынын тазалыгы,тартиби,мектеп формасы,күндөлүктөрү текшерилди.

## Ноябрь

**3.11.2017-ж.**Мүмкүнчүлүгү чектелген инсандардын күнүнө карата “Кайрымдуулук парз жана милдет” деген акциясы уюштурулуп,төмөндөгүлөргө жардамдар көрсөтүлдү.

1. Перматова Альбина 5-б класс 300(үч жүз)сом.

2 . Кадыралиева Таңсулуу 10-класс 400(төрт жүз)

3.Камбарова Тугунай жыйноочу 400(төрт жүз)

18.11.2017-ж. Баткен согушунда курман болгондорду эскерүү жыйыны уюштурулду.Ар бир класстарда класстык сааттар өткөрүлдү. "Баткен согушунда курман болгондор эч качан унутулбайт"-деген темада жолугушуу болуп өттү.Жолугушууга келип окуучуларга кызыктуу маек куруп беришти,ошондой эле окуучулар өздөрүнүн белектерин сыймыктануу менен тапшырышты.

27.11.2017-ж. Күз майрамына карата "Берекелүү алтын күз"майрамы өткөрүлүп, "Эң мыкты" класс,эң мыкты дасторкон ,эң мыкты дизайнер ж.б.наамдар менен окуучулар сыйланышты.

1орун 9"Б"классы 7"А" классы

2орун 10 "А"классы ,6"А" классы

3 орун 11-классы , 7"Б" классы.

**Декабрь**

**1.12.2017-ж.** "1-декабрь-Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө"карата линейка өткөрүлүп,ар бир класста класстык сааттар жана аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү.5-8-класстарга жат жазуулар жаздырылды.

**2.12.2017-ж**. 9-10-11-класстар арасында "СПИД жөнүндө мен эмнени билем жана аны менен кандай күрөшүү керек?"деген темада дил баяндар конкурсу уюштурулду.

**3.12.2017-ж**. Мектепте 1-декабарь күнү СПИД ке каршы күнүнө карата майрамдык кече уюштурулду.Кечеде 10-класстар ыр,бий,көркөм окуулар айтылып,слайд шоу көрсөтүштү.Андан сырткары сүрөттөр тартылып,дубал газеталар чыгарылып,илинди.

**4.12.2017-ж.**Мектепте ден соолук бурчу СПИДтен коргонуу боюнча китептер баракчалар менен толукталды.

**5.12.2017-ж** . 9-10-11-класстардын арасында "Биз СПИДке каршыбыз" деген темада семинар болуп өткөрүлдү. Ошол учурда 11-класс тарабынан викториналык суроолор уюштурулуп,жооп берген окуучуларга баалуу белектер берилди.

**6. 12.2017-ж.** 1-декабрь күнү саат 14:00дө маданият үйүндө "СПИДке каршыбыз" деген темада уюштурулган конференцияга 7-11-класстардын окуучулары катышышты.

**12.12.2017-ж.** Бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата линейка өткөрүлүп,окуучуларга Ч.Айтматовдун өмүрү чыгармачылыгы боюнча слайд көрсөтүлүп,окуучулар чыгармаларынан үзүндүлөрдү аткарышып,көркөм окууларды монологдорду айтышыты.Ошондой эле ар бир класста тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

**27.12.2017-ж** .Башталгыч жана жогорку класстарга "Балаты"майрамы өткөрүлүп,ар балага таттуулар таркатылды.

## Январь .

**1.01.2018-ж.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жыл "Регионордору өнүктүрүү жылы"№1 жарлыгы боюнча мугалимдерди тааныштыруу.

**11.01.2018-ж.** Парламент мүчөлөрү менен биргеликте окуучулардын сабакка катышуусун ,мектеп формалары,тазалыктары текшерилди.5-9-класстар арасында "Атам ,апам жана мен ден соолугу сак үй-бүлө"деген темада сүрөт конкурсу уюштурулуп,өткөрүлдү.

**22.01.2018-ж.**8-9-10-класстар арасында "Ата-журттум –алтын бешигим"деген темада тарбиялык сабактарды өткөрүү.

**29.01.2018-ж.**Окуучулардын сабакка катышуусун текшерүү.Мугалимдердин тарбиялык сааттардын жана журналдардын көзөмөлдөө.

## Февраль.

**2.02.2018-ж.** Мектепте ботулизм,вирустуу гепатит,педикулез оорулары боюнча ар бир класстарда түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Класстык сааттар өткөрүлүп,жат жазуулар жаздырылып,ата-энелерге жиберилип тааныштым деген колдору коюлду.Окуучулар бет кап тагып жүрүшөт.Кабинеттер тез-тез желдетилип,тазаланып турат.Мектепте жалпы саны 768 окуучу бар,78окуучу 1-класстын окуучулары 24 окуучу даярдоо классынын окуучулары жат жазуу жаза алышбайт,бирок маалымат алышты.666-окуучу жат жазып беришти.

12-февралдан 18-февралга чейин "Англис тили –эл аралык баарлашуу тили"деген темада англис жумалыгы болуп өттү.Англис тили мугалимдери Бабаназарова Ч.А. жана Нуралиева Ж.А, Хашимова Г.А. ачык сааттарды өтүштү,6-7-8-класстар арасында дубал газеталар чыгарылды.4-5-6-7-8-9-10 класстар "If you feel like singing"деген темада кече өттү.Англис тилинде көркөм ырлар,бийлер,табышмактар,жаңылмачтар айтылды.

**15.02.2018-ж.**15-февраль күнү мектепте Ооган ардагерлеринин күнүнө карата линейка өтүлдү.Линейкага Оогантстанга кызмат өтөгөн Жакыпов Жаныбек Усубжанович жана Чыбыкеев Ырысбек келип катышты.Окуучуларга каалоо тилегин айтып,башынан өткоргөндөрдү тууралуу айтып өттү,ошондой эле ар түрдүү балдар кызыккан суроолоруна жооп ала алышты.Окуучулар тарабынан даярдалган патриоттук ыр бийлер ,көркөм окуулар,сахналык көрүнүштөр менен жыйынтыкталды.Ошондой эле мектепте ар бир класста класстык сааттар өтулдү.9-10-11-кластарга дилбаяндар жаздырылды,1-7-класстар арасында патриоттук ырлар жана сүрөт конкурсу уюштурулду.

**17.02.2018-ж.**Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата 21-февраль 2018-жылы өткөрүлгөн 30295 аскердик бөлүгүндө ачык эшиктер күнүнө 20 окуучу барып катышып4-орунду алышты.

**21-**февраль Эл аралык эне тил күнүнө карата салтанаттуу кече өткөрүлдү.Окуучулар тарабынан даярдалган эне тил жөнүндө ырлар,көркөм окуулар,ар улуттун бийлерин тартуулашты.Салтанаттуу кече ар улуттан келген окуучулардын саламдашуусу менен башталды. Андан соң 2-класстын окуучулары тажик эл бийин,3-7-8-класстын окуучулары кыргыз орус англис тилдеринде көркөм ырларын айтышты.Абдыраманова А.А.жана ТЬагаева С.А.эжекелер даярдаган бий менен жыйынтыкталды.

**23-**февраль Ата-Мекенди коргоо күнүнө карата 9-а,9-б,10-11-класстардын окуучулары "Биз Ата-Мекендин коргоочуларыбыз"деген темада маршировкаларды көрсөтүштү.Жалпы окуучулар тарабынан уюштурулган концерттик куттуктоолорду тартуулашты.Холдарбек кызы Нурзада жана Парпиева Жумагүл окуучу балдарды куттуктоо менен "Кыргыздын жигиттери"деген обондуу ыр ырдашты.6-8-10-класстын кыздары бий бийлешти."Эр жигитэл четинде жоо бетинде"деген аталышта тарбиялык саат өтүлдү.

**19-**февралдан 24-февралга чейин "Илим жана техника" жумалыгы өткөрүлдү.Жумалыкта физика мугалими Таласбаева П.А 9-а жана 9-б класстарынын

таланттуу балдары менен иштөө максатында “Тажрыйба-бул физика билиминин булагынын” деген мастер класс өттү.Информатика мугалими Эргешова Айзада “Вирустук программа”боюнча ал эми алмамат кызы Кумаргул “Маалымат кылмыштуулугу”деген темада ачык сабактарды өтүштү.Окуучулар “Илим жана техника”жумалыгын кызыгуу менен катышышты.

**Март.**

**2.03.18-ж.** Мектепте Мамлекеттик туунун 26 жылдыгына жана 5-март “Ак калпак” күнүнө карата салатанаттуу жыйын өткөрүлдү.Жыйында мамлекетик туунун мааниси жана кыргыз элинин басып өткөн жолу баяндалды.Туу жана Кыргызстан жөнүндө ырлар айтылды. “Ак калпак” күнү кыргыз элинин баш кийими жана анын ар тараптуу мааниси бар экендиги жөнүндө баса белгиленди. “Ак калпак”жөнүндө ырлар айтылды,кыргыздын улуттук бийлери аткарылды.Ар бир класста класстык сааттар өтүлдү.Мамлекеттик туу жана ак калпак кунүнө карата уюштурулган жөө журүшкө 30 окуучу катышышты.

**7.03.2018-ж .** Мектепте 8-март “Аялзаттынын эл аралык”күнүнө карата майрамдык линейка болуп өттү.8-марттын тарыхы жөнүндө маалымат берилип, окуучулар тарабынан уюштурулган майрамдык кече менен жыйынтыкталды.

“Региондорду өнүктүрүү” жылына карата 8-9-10-11-класстар арасында “Кана эмесе кыздар ай”конкурсу болуп өттү.Башталгыч класстар ата-энелерге ,мугалимдерге майрамдык кече тартуулашты.5-11-класстарда тарбиялык сабактар өтүлүп,дубал газеталар чыгарылып,илинди.9-а ,9-б класстарда кыздар арасында майрамга карата спорттук эстафета көрсөтүлдү.Жалпы мугалимдерди куттуктап жакшы маанай тартуулашты.Ошондой эле ар бир класстарда 8-мартка карата тарбиялык сабактар өткөрүлдү.

**16.03.2018-ж**. “Аксы окуясынын” 15 жылдыгына жана 24-март ,7-апрель “Элдик революциясынын”11 жылдыгына карата мектепте мугалимдер жана окуучулар арасында жалпы жыйын болуп өттү.Тарых мугалими Өмүрзакова Жаңылай Нурбековна доклад окуду.Ар бир класста класстык сааттар өтүлдү.Класстык сааттарда да окуянын мааниси түшүндүрүлдү.8-9-10-класстарда окуучулары шаардык мектептер арасында уюштурулган “Манас таануу” сынагына барып катышып,өз жөндөмдөрүн жогорку деңгээлде көрсөтүштү.

**16.03.2018-ж.**Орус тили жумалыгы болуп өттү.Графова А.Ф,Төлөнова А.А, Тагаева С.А,Усманова Г.С.орус тили мугалимдери ачык сабактарды өтүштү,окуучулар “Весна

красна" деген темада сүрөттөрдү тартышты ошондой эле концерттик кече менен жыйынтыкташты.

**16.03.2018-ж.** "Менин шаарым ,сенин шаарың,менин мектебим,сенин мектебиң" деген ураан менен үч айлык ишембилик уюштурулду.

**20.03.2018-ж.**Нооруз майрамына карата линейка өткөрүлдү.Окуучулар тарабынан майрамдык кече уюшулду.Кыргыз элинин каада –салтын ,улуттук тамагын,элдик ырларын,улуттук ыр,бийлерин,макалдарын тартуулашты.Ар бир класста тарбиялык сабактар өтүлдү.

**Апрель.**

**2.04.2018-ж.**1-апрель –күлкү күнүнө карата юмордук жана сатиралык газеталар конкурсу уюштурулуп, өткөрүлдү.

**4.04.2018-ж.**10-11-класстарга "Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы 2018" жылыны карата банк кызматкерлери тарабынан лекциялар окулуп,викториналар,дискусия, тегерек столдор уюштурулду.

**6.04.2018-ж.**Элдик революция күнүнө карата мектепте жыйын өтүп,тарых мугалими Бешбекова Миргүл эжеке доклад окуду.Окуучулар тарабынан даярдалган патриоттук ырлар, бийлер, көркөм окуулар менен жыйынтыкталды.Ар бир класста класстык сааттар өтүлдү. "Кыргызстандын демократияга карай татаал жолундагы үч ашуу"деген теманын негизинде окуучулар дилбаян жазышты.7-апрель "Элдик революциясынын"баатырларына атайын бурч уюштурулду.

**7.04.2018-ж.** "Элдик революция күнүнө карата "Жазгы журүш"марафонуна мектеп тарабынан окуучулар барып катышышты.Апрель айына 9-10-11-класстар арасында шаардын жетекчилери менен бирдикте кезектеги жыйналыш өткөрүлдү.Жыйналышта төмөндөгү темаларга токтолушту: "Терроризм", "Экстремизм", "Үй-бүлөлүк зорлук зомбулуктун ,кылмыштуулуктун алдын алуу" боюнча талкуулар болуп ,слайддар көрсөтүлдү.

**12.04.2018-ж.** Ю.А.Гагариндин туулган күнүнө карата ар бир класстарда класстык сааттар өткөрүлдү.Физика мугалими Таласбаева Парида Абдисатаровна 9-а,б-класстарда класстык сааттар өттү.Мастер класс көрсөтүлдү.

**16.04.2018-ж.** "Биз жашаган планета" деген темада сүрөт конкурсу өттү.Конкурска 1-класстан 8-класска чейинки окуучулар катышышты.Окуучулар негизинен төрт темада сүрөт тартышты. "Планетанын жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү", "Жер

эне баарыбыз үчүн", "Мен бакыт планетасында жашайм", "Планета жардам күтөт" деген темалар камтылды.

**16.04.2018-ж.** Китепкаанчы Алмамат кызы Кумаргул китеп жумалыгын өткөрдү.Жаңы келген китептер боюнча китеп көргөзмөсүн уюштурду.Башталгыч класстарда "Бирге окуйбуз" сынагы өткөрүлдү.Жогорку класстарда жомок менен куурчак сынагы өткөрүлдү.

**20.04.2018-ж** Мектептеги мыкты окуучулар үчүн балдар музыкалык мектеби тарабынан акысыз концерттик программа уюштурулду.Жума ичинде физика,математика,информатика жумалыгы болуп өттү. "Тапкычтар", "Мыкты информатик", "Физика турмушта"деген темаларда класстан тышкаркы сабактар өткүрүлдү.

**27.04.2018-ж.** "Жашоо тиричилик коопсуздугунун" негизинде ачы ксабак,класстан тышкаркы сабактар өтүлдү.

**29.04.2018-ж.**Мектепте 1-класстардын класс жетекчилери "Кош Алиппе"майрамын өткөрүштү.

**Май**

**4.05.2018-ж.**Мугалимдер жамаатына жана окуучуларга ар жумада ишембиликтер уюштурулуп,скверди мектеп айланасын тазалап,бак-дарактарды актап,таштандыларды тазалашты.Дарактын кууруган шактары кыркылып тазаланды.

**7.05.2018-ж**. "Согуш ардагерлерине таазим"деген темада Улуу Жеңиштин майрамына карата сүрөттөр тартылып,класстык сааттар өтүлдү.

**8.05.2018-ж.**Улуу Жеңиш майрамына карата линейка өткөрүлдү."Мен Мекенимдин коргоочумун"деген темада 10-11-класстардын арасында сынак өткөрүлдү.Жыйынтыгында 10-класстын окуучулары 1-орунду ээлеп, ал эми 2-орунду 11-клаастын окуучулары ээлешип грамматалар менен сыйланышты.

**18.05.2018-ж.**4-а,4-б,1-в класстары "Энелер күнүнө"карата концерттик программа тартуулушту.Ата-энелер чакырылып,майрамы менен куттукташып гүлдестелерин тартуулашты.4-класстын окуучулары башталгыч класс менен коштошуп ,4 жылда алган билимдерин жыйынтыгын чыгарышты.

**25.05.2018-ж**. "Акыркы конгуроо"салтанаты болуп өттү.24-май күнү башталгыч класстарга арналаган "Акыркы коңгуроо"салтанаты болуп өттү.Салтанаттуу кечеге окуучулар мугалимдер жана ата-энелер катышышты.Окуу бөлүм башчысы

у.Г.Сыдыковна алдыңкы окуучуларга грамматаларды тапшырды.Окуучулар бүтүрүүчүлөргө арнап ыр бийлерин тартуулашты.

**25**-май күнү жогорку класстар үчүн ушундай эле"Акыркы коңгуроо"кечеси белгиленди.Кечеде жогорку класстын окуучулары ,класс жетекчилер,жалпы мектеп жааматы,ата-энелер,шаардык мэриянын вице мэри РасуловЗ.К,ШБББнүн башкы адиси акамбаева Р.Ж,Майлуу-Суу ИИБнүн опер өкүлү милициянын капитаны АбдыкайымовА,аймактык тескөөчү Аваз уулу Айбек,МЧСтин начальниги полковник Абылов К.Э,үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмүнүн башкы адиси Мамадалдиев Ж.Ш, ЭЛЗ кызматкерлери Омурбаев Б,Ырысбаев К,жогорку кеңештин депутаты Мамытов Т.Т баштаган 25 жыл мурун бүтүп кеткен бүтүрүүчүлөр келип катышышты.

**Б**.М.Бекназарова кызуу куттуктап,бүтүрүүчүлөргө денсоолук,ийгиликтерди келечекте мыкты кесиптин ээлери болушун каалап кетти.Кеченин жүрүшүндө 2017-2018-окуу жылынын жыйынтыгы чыгарылып алдыңкы окуучулар грамматалар сыйланышты жана ар бир окуучуга ийгиликтер айтылды.Биздин кичинекей 1-класстын окуучулары бүтүрүүчүлөргө арнап ыр,бийлерин тартуулашты.Кечеде жалаң гана каалоо тилектер айтылып,ыр, бийлер менен коштолду.Акыркы коңгуроо кагуу менен бирге салтанаттуу жыйын жабык деп жарыяланды.Мектепте тартип бузуулар болгон жок.

**Июнь**

**1.06.2018-ж.** 1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата шаардык уюштурулган майрамга башталгыч класстарынын окуучулары жана мугалимдери активдүү катышышты.Мектепте окуган турмуш шарты оор балдарга жардам уюштурулду.1-июнь балдар күнүнө карата башталгыч класстын окуучулары концерттик программа тартуулашты.Андан сыртка 5 жетим балага 100(жуз )сомдон РСК банкында ачылган эсебине акча которулду.

**Майлуу-**Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинде 23-июнь күнү бүтүрүүчүлөргө жетилүү аттестатын тапшыруу аземи болуп өттү.Аттестат тапшыруу аземи Кыргыз Республикасынын Гимни менен башталды.кечеге Майлуу-Суу шаардык мэриясынын башкы адиси Масурова Чынара Садыковна,шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Акамбаева Райкан Жамалдиновна,социалдык фонддун башкы адиси Кыдырова Гүлнара Жалалдиновна ,Майлуу-Суу шаардык электр тармагынын жетекчиси Раев Жаныбек Аскарбекович ,аймактык тескөөчү Абаз уулу Айбек жана ата-энелер,мугалимдер,бүтүрүүчүлөр катышышты. Куттуктоо үчүн сөз мектеп директору Б.М.Бекназарова берилип,ал өз сөзүндө келген

коноктorго ата-энелерге жана жалпы ата-энелерге ,мугалимдерге ыраазычылык билдирип,келген конокторго сөз берилип каалоо тилектерин билдиришип,жетилүү аттестатын тапшырышты. Жалпы 21 бүтүрүүчү жетилүү аттестатына ээ болушту.Жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимнин ырдоо менен жетилүү аттестат аземин жабык деп жарыяланды.Бүтүрүүчүлөргө каало-тилектер айтуу менен кече жыйынтыкталды.

Уюштуруучу:________Кулмашова М.А.